| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br><br>МАНАС<br>ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br><br>МАНАССКИЙ<br>ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ<br>ДЕПУТАТОВ |
|---|---|---|

**«16»-февраль 2026-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги XXIII сессия**

**ТОКТОМ** **№12** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарындагы автоунаа токтоочу жайларды жана автоунаа токтотуудан алынуучу төлөмдүн өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 19-беренесин негиз кылып, Манас шаарынын мэриясынын 11.02.2026-жылдагы чыг.№01-18/749 сандуу каты Манас шаардык кеңешинин сессиясында талкууга алынып, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXIII-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарындагы автоунаа токтоочу жайлардын тизмеси №1-тиркемеге ылайык бекитилсин жана автоунаа токтоочу жайлардын схемалары шаардык архитектура жана шаардык Манас шаары боюнча жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмү менен макулдашуу жагы Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) милдеттендирилсин.
2. Манас шаардык кеңешинин 11.02.2021-жылдагы кезектеги XXXII-сессиясынын №7-токтому жана 19.08.2014-жылдагы кезексиз XVI сессиясынын №4-токтому күчүн жоготту деп табылсын.
3. Бир автоунааны токтотуудан алынуучу төлөм 30 (отуз) сом өлчөмүндө бекитилсин жана 2026-жылдын 1-мартынан тартып эсептелсин.
4. Автоунаа токтоочу жайларды иштетүү жана көзөмөлгө алуу жагы Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы курулуш, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жерди пайдалануу боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
7. Ушул токтом Манас шаардык депутаттар кеңешинин www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Болотов Н.Б.**

Манас шаардык
кеңешинин 16.02.2026-
жылдагы кезектеги
XXIII сессиясынын
№12-токтомуна
1-тиркеме

**Манас шаарындагы автоунаа токтоочу жайлардын тизмеси**

| № | Муниципалдык автоунаа токтоочу жайлар | Автоунаа токтоочу жайлардын жайгашкан дареги | Көчөлөрдүн кварталдык номери |
|---|---|---|---|
| 1 | ЖРБ | Ж.Бакиев көчөсү болжолдуу (базар тарап) | 91б |
| 2 | ЖРБ | Ж.Бакиев көчөсү болжолдуу (юг сити) | 42 |
| 3 | ЖРБ | Нагима Айтматов көчөсү болжолдуу (оң жак) базар тарабы | 22 |
| 4 | ЖРБ | Нагима Айтматова көчөсү болжолдуу (сол жак) тарабы | 22 |
| 5 | ЖРБ | Нагима Айтматова орентир (эски мериянын жамбаш тарабы) | 22 |
| 6 | ЖРБ | Д.Малашов көчөсү болжолдуу (строй маркет базар) | 128 |
| 7 | ЖРБ | К.Жуматаев көчөсү болжолдуу (Он тарабы ) | 81 |
| 8 | ЖРБ | К.Жуматаев көчөсү болжолдуу ( Гор больницага киреберищ тарабы ) | 81 |
| 9 | ЖРБ | Т.Байзаков проспекти болжолдуу (Байэл базары ) | 23 |
| 10 | ЖРБ | Токтогул кочөсү болжолдуу (дача стоянка) | 18 |
| 11 | ЖРБ | Токтогул көчөсү болжолдуу (курорт стоянка) | 18 |

**Жооптуу катчы** **Осмонова Г.О.**